| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>САДЫР АКЕ |
|---|---|---|

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын кезектеги XIII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын сентябрь айынын 16ы №114** **Темир айылы**

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Бюджеттик кодексинин» 115-беренесинин жана жергиликтүү кеңештин «Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча» туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 10-сентябрындагы №14-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Садыр Аке айыл аймагындагы Кожояр жана Семеновка айылына таза суу түтүктөрүн долборлоого шаар куруу корутундусун жасоо үчүн, түзүлгөн келишимдин негизинде 82 183 (сексен эки миң бир жүз сексен үч) сом;
2. 2025-жылдын 28-августунун №28-08/25 келишимдин негизинде Садыр Аке айыл аймагындагы Пристань айылында жалпы аянты 0,05га жер тилкелерине тарыхый-маданий экспертиза жүргүзүү жана изилдөө участокторуна экспертизанын корутундусун даярдоо үчүн көрсөтүлгөн кызматтардын кызматташтыгы 10 000 (он миң) сом;
3. Корумду айылына салына турчу бала бакчанын иш кагаздарын Ысык-Көл районуна караштуу «Жер ресурстар, кадастр, геодезия жана картографиясына» даярдоо үчүн 20 130 (жыйырма миң бир жүз отуз) сом;
4. Кашат айылында жалпы аянты 1,2га жер тилкелерине муниципалдык менчикке жерди трансформациялоо үчүн иш кагаздарын даярдоо боюнча, келишимдин негизинде 30 706 (отуз миң жети жүз алты) сом;

Көрсүтүлгөн пункттар боюнча жана жыл ичиндеги кошумча жумуштарга 205 500 (эки жүз беш миң беш жүз) сом акча каражаттарын ТЖЧК бөлүмүнө 22154900 «Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен байланышкан башка чыгымдар» беренесине Кожояр Ата мектеп бөлүмүнөн 22154900 «Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен байланышкан башка чыгымдар» беренесинен 105 500 (бир жүз беш миң беш жүз) сом жана А.С.Пушкин орто мектеп бөлүмүнөн 22141200 «Запастык бөлүктөрдү алуу» беренесинен 100000 (бир жүз миң) сом бөлүнүп берилсин;

5. Токтом массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
6. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Молдакматовго жана ФЭБнүн башчысы Н.Сыдыковага милдеттендирилсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө “Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагазына-2, Каржы бөлүмүнө-1, Обл. Юст.- 2.*